**УДК: 02: 378.147**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-124-131**

**Давлетярова Н.А.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
КР китепканаларынын коомдук бирикмесинин Президенти
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
nurdav@mail.ru
**Кутуева Б.К.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
buke-1@mail.ru

# САНАРИПТИК ЧӨЙРӨДӨ И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУнун ИННОВАЦИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН УЮШТУРУУДА ИЛИМИЙ КИТЕПКАНАНЫН РОЛУ

**Аннотация:** Бул макалада билим илим чөйрөсүн санариптештирүү жана жогорку окуу жайлардын окуу процессин инновациялык методдорду колдонуу менен болочок кадрларды даярдоодо китепканалардын орду жана ролу жөнүндө маалымат берилген. Макалада негизинен И. Арабаев атындагы Илимий китепкананын ишмердуулугу жөнүндө маалымат берилип, китепканалык процесстерди автоматташтырып уюштуруу маселеси каралган. Өзгөчө электрондук китепкананы түзүү жана дүйнөлүк маалымат ресурстарына эркин кирип колдонуу жолу менен китепканалык ишти трасформациялап, билим берүу системасын жакшыртууга багытталган.

**Негизги сөздөр:** китепкана, санарип чөйрөсү, глобалдуу, маалымат ресурстары, автоматташтыруу, трансформация электрондук ресурс, электрондук каталог, электрондук китепкана, дуйнөлүк маалымат мейкиндиги.

**Давлетярова Н.А.**
кандидат исторических наук, доцент
Президент общественного объединения библиотек КР
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
nurdav@mail.ru
**Кутуева Б.К.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
buke-1@mail.ru

# РОЛЬ НАУЧНОЙ БИБЛИОТЕКИ В ОРГАНИЗАЦИИ ИННОВАЦИОННОЙ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ СИСТЕМЫ КГУ ИМЕНИ И. АРАБАЕВА В ЦИФРОВОЙ СРЕДЕ

**Аннотация:** В данной этой статье представлена информация о месте и роли библиотек в подготовке будущих кадров с использованием инновационных методов оцифровки сферы образования и учебного процесса высших учебных заведений.
В статье в основном рассматривается вопрос о деятельности научной библиотеки КГУ им. И. Арабаева, об инновационных методах организации обслуживания читателей с использованием новых информационных технологий. При этом, особое внимание уделяется автоматизации библиотечных процессов, организации электронных ресурсов, которое направлено на преобразование библиотечного дела и улучшение системы образования путем создания современной электронной библиотеки и свободного доступа к мировым информационным ресурсам.

**Ключевые слова:** библиотека, цифровая среда, цифровизация, глобализация, информационные ресурсы, электронные ресурсы, электронный каталог, автоматизация библиотек, мировая информационная пространство.

**Davletyarova N.A.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
President of the Public Association of Libraries of the Kyrgyz Republic
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
nurdav@mail.ru
**Kutueva B.K.**
Teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
buke-1@mail.ru

## THE ROLE OF THE SCIENTIFIC LIBRARY IN ORGANIZING THE INNOVATIVE EDUCATIONAL SYSTEM OF KSU NAMED AFTER I. ARABAEV

**Abstract:** This article provides information about the place and role of libraries in the training of future personnel using innovative methods of digitization of education and the educational process of higher education institutions. The article mainly deals with the issue of the activities of the scientific library of the KSU Arabaeva, on innovative methods of organizing reader services using new information technologies. At the same time, special attention is paid to the automation of library processes, the organization of electronic resources, which is aimed at transforming librarianship and improving the education system by creating a modern electronic library and free access to world information resources.

**Key words:** library, digital environment, digitalization, globalization, information resources, electronic resources, electronic catalog, library automation, global information space.

Бүгүнкү күндө санариптик чөйрөнү түзүү глобалдуу маселеге айланып, дүйнө жүзүндөгү элдердин теңинен көбү, 35 миллиард Интернет желесине туташып, жыл ичинде чыгарылган маалыматардын 90% менен камсыз болууга жетишүүдө. Ал эми дүйнөлүк көрсөткүчтөргө салыштырмалуу Кыргызстандагы санариптештирүүнүн алкагында маалыматтык коммуникация технологиясын өздөштүрүү боюнча 176 мамлекеттин ичинен 109-орунду, ал эми СНГ мамлекетеринин арасында акыркы орунду ээлейт.

Интернет колдонуучулар Кыргызстанада 34.5% түзөт. СНГ мамлекеттеринде 65,1% түзөт. Үйдө Интерттен колдонуучулар Кыргызстанда 21,4%түзөт. СНГ мамлекеттеринде 62,1 түзөт [2].

Мына ушундай шартта калкты маалымат менен камсыздоо, озгочо билим илим чойросундо китепканалар өз ишин трансформациялап, маалымат институт катары өз ордун, статусун жогору коюп, окурмандарды мобилдүү тейлөөнү уюштуруу милдети турат.

Жогоруда коюлган маселелердин негизинде И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттин китепканасында акыркы 5 жыл ичинде инновациялык ыкмаларды колдонуу менен китепканалык ишти трансформациялоо процесстери жүргүзүлүүдө.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Илимий китепканасы тарыхий маанисинде республикабыздагы жогорку окуу жайлардын китепканаларынын арасында эң ири китепканалардын бири болуп саналат.

Илимий китепкана 1952-жылы уюштурулуп, өзүнүн 80 жылдан ашык бай тарыхында университеттин окуу жана илимий процесстерине көмөктөшүп жаш адистерди даярдоодо чоң салымын кошуп келет. Бүгүнкү күндө 400 го жакын маалымат ресурстары, 10 миңге жакын окурмандары бар Илимий китепкана заманбап билим чөйрөсүн уюштурууда окуу жайдын окмуштуулар менен студенттердин илимий маалыматтарга болгон муктаждыгын дүйнөлүк стандартка ылайык жаңы технологиялардын коштоосунда камсыз кылууга аракеттер көрүлүүдө.

Эң негизгиси, университеттин Илимий китепканасы акыркы жылдарда өз ишин төмөнкү приоритеттүү багыттар боюнча иш алып барууну тандап алган: маалымат ресурстарын уюштурууда китеп фондусун кагаз басылмалары (китеп, газета, журнал ж.б) менен катар электрондук ресурстар менен толуктоо. Бул үчүн, биринчи кезекте электрондук ресурстарды түзүүнү жана аларга алыстан жетүүнү уюштурууну үйрөнүшүңүз керек Интернет аркылуу [3]. Инновациялык методдорду колдонуу менен бирге, анын ичинде дүйнөлүк маалымат ресурстарын эркин колдонуу жолу менен электрондук китепканалык тейлөөнү уюштуруу; китепканалык процесстерди автоматташтырууда ИРБИС-64 программасы менен иш алып баруу, китепкана кызматкерлерин кесиптик квалификациясын жогурлатып, үзгүлтүксүз билим берүүнү уюштуруу ж.б.

Бизге белгилүү болгондой билим берүүнүн сапатын жакшыртуу эң биринчи университеттин окуу процессии жана илимий багыттары боюнча китепканалык фондду окуу жана илимий китептер менен топтоо болуп эсептелет. Атап айтсак, бүгүнкү күндө Илимий китепканада 318 907экз. китеп, 76 наамда газета, журналдар бар. Китепканалык фондду 2005- жылдан баштап атайын ИРБИС программасынын негизинде автоматташтыру жолу менен 4 БД камтыган электрондук каталогу уюштурулган. 1.Китепкананын жалпы китеп фондусу БД; 2.Университеттин окмуштууларынын илимий эмгектери боюнча БД; 3. Автореферат жана диссертациялар БД; 4. Брошюралар БД. Ошондой эле ИРБИС программасынын негизинде автоматташтырылган режимде китепкананын окурмандарынын базасы түзүлуп, окурмандык белет пластик түрүндө китепкананын өзүндө даярдалат жана алар формуляр баракчасыз тейлөө ыкмасына өткөн.

Китепкана акыркы жылдары салттуу китеп фондусун түзүү менен катар электрондук маалымат ресурстарын топтоо ишин жүргүзүүдө. Алар, Улуттук ресурстар

«КРАД», «Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын китепканалары алган мезгилдүү басма чыгармалары», «КИРЛИБНЕТ»),«Алтын фонд»; Россиянын IPR- MEDIA электрондук ресурсун, Россиянын Мамлекеттик китепканасынын диссертациялары менен авторефераттар ресурсу менен толукталган. Ошондой эле эл-аралык маанидеги «ЭБСКО», «Шпрингер» ж.б. ресурстардын тестовый доступтарына кирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүп турат. Өзгөчө IPR-MEDIA компаниясынан алынган 100000 жакын Россиянын окуу китептери университеттин окуу процессине он таасирин тийгизип, 2024-жылы университетте өткөн эл аралык аккредитациянын жыйынтыгында китепкананын иши жакшы көрсөткүчтөргө ээ болууга жетишти.

Илимий китепкана университеттин илимий потенциалын жогорулатууда, өзгөчө окутуучулар менен окумуштуулар курамын илимий журналдар менен камсыздоо Россиянын ИВИС компаниясы менен атайын келишимдин негизинде 27 илимий журналдын электрондук вариантын (архиви менен) алууга жетишти. Мындан тышкаары, Илимий китепкана өздүк (ички) электрондук ресурстарды түзүп, китептерди санариптештирүү процессин ишке ашырууда. Атап айтсак, Университеттин бардык факультеттеринде окутуулучу жалпы (базовый) курстар боюнча окуу китептер жана окуу куралдар менен катар ар бир факультеттердин окуу процессине окутуулучу окуу китептер, университеттин окумуштууларынын эмгектери толугу менен (окуу китептери, илимий монографиялары, макалалары) санариптештирилип сайтка илинди. Ошондой эле И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысына жарыяланган макалалар дагы толугу менен санариптештирилип, электрондук китепкананын жана НАКтын сайтына жайгаштырылууда.

Бүгүнкү күндө университетте Илимий китепканада окурмандарды китепканалык жактан тейлөө комплекстүү жана дифференциялдуу түрдө жүргүзүлөт. Негизинен жаны технологияларды, компьютерлерди жана башка телекоммуникациялык жабдууларды колдонуунун натыйжасында китепкананын тейлөө сервиси жакшырып, китепканалык иште жаңы бир импульс пайда болгону сезилет. Илимий китепкананын мына ушундай акыбалы, окурмандарды сапаттуу информация менен камсыз кылуу менен бирге билимдин сапатын дагы көтөрүүгө түрткү берүүго оболго тузду десек жаңылышпайбыз. Мына ушундай жаңы шартта студенттердин, жаш окумуштуулардын окуу процессине ылайык маалыматтарды издеп табуу жана аларды илимий иште колдонуу максатында «Маалымат издөө маданиятынын негиздери» деген атайын семинарлар университеттин бардык факультеттеринде өткөрүлүп турат. Семинардын жүрүшүндө студенттер маалымат издөөнүн жолдору жана каражаттары ( каталогдор, картотекалар, электрондук каталогдор, улуттук жана дүйнөлүк БД) боюнча квалификациялуу маалыматтарды алышып, илимий иштерди жазуу, аларды талапка ылайык жасоонун эрежелери жөнүндө дагы кеңири маалымат алышат. Илимий китепкананын мына ушундай ыкмада иш алып баруусу, б. а. электрондук китепкана ишинде жаңы технологияларды, компьютерлерди жана башка телекоммуникациялык жабдууларды колдонуунун натыйжасында электрондук ресурстарды топтоо, окурмандарды электрондук базанын коллекциясы менен тейлөө сервиси жакшырып, сапаттуу информация менен камсыздалып, билимдин сапатын которууго көмөктөшүүгө аракеттер жасалууда.

Китепканалык ишибиздин дагы бир маанилүү багыттарынын бири болгон бул студент жаштардын интеллектуалдык жана илимий потенциалын калыптандыруу жана

өстүрүү болуп эсептелинет. Бул тармакта Илимий китепкана комплекстүү иш чараларды өткөрүп турат. Алсак, көрүнүктүү акын-жазуучулардын чыгармалары менен окурмандарды тааныштыруу максатында окурмандык конференциялар, адабий кечелер, адабий жолугушуулар, жаны китептин бет ачаары ж.б иш-чаралар байма-бай өтүп турат. Илимий китепкананын «Кыргыз руху» залында университеттин окумуштууларынын, республикабыздын белгилуу коомдук ишмерлеринин, акын-жазуучулардын ишмердуулугу боюнча кызыктуу иш-чаралар баймса-бай откорулуп турат. Андан тышкаары факультеттердин профилине жараша «Адистин күнү», «Маалымат күнү» аттуу иш чаралар өткөрүлүп, анын алкагында китеп көргөзмөсү, электрондук ресурстардын презентациясы, илимий иштерди жазуунун ыкмалары жана эрежелери боюнча семинр-тренингдер өткөрүлүп турат. Китепкананын демилгеси менен жыл сайын 23-апрелде университеттик масштабда «Эл аралык китеп күнү» студенттер арсында кеңири программада майрамдалып, бул иш-чаранын алкагында кызыктуу викториналар, конкурстар, китеп көргөзмөсү, китеп ярмаркалары уюштурулуп, « Жылдын мыкты окурманы», «Китепкананын достору» номинациялары студент-жаштарга ыйгарылып, баалуу белектер менен сыйланышат.

Мындан тышкаары ЖОЖдордун китепканаларынын ишин жакшыртуу боюнча актуалдуу темадагы семинар-кеңешмелерди, тегерек үстөлдөрдү, илимий конференцияларды мастер класстарды, өткөрүп турабыз. Өзгөчө ИРБИС программасын жайылтууда Илимий китепкананын кызматкерлери ОШМУ, ОШ МГПУ, ТаласМУ нин китепканаларына барып мастер класстарды өткөрүп, кенештерин берип турушат. Ошону менен бирге Кошумча билим беруу институтунун алдында 5 айлык Жогорку китепкана мектеби ачылып, республикабыздын бардык региондорунан 200 го жакын китепканачылар келип өзүлөрүнүн билим деңгелин жогорулатып дипломго ээ болушту. Илимий китепкананын ишин жакшыртуу максатында жыл сайын окурмандар арасында «Китепкана окурмандын көзү менен» деген мониторинг өткөрүлүп, анын жыйынтыгы боюнча окурмандардын пикирлери, сунуштары китепкананын ишин жакшыртууга, жылдык жана стратегиялык пландарды түзүүгө чоң көмөгүн тийгизип турат.

Албетте, мындай китепкана ишин алга жылдырып, окурмандардын суроо-талабын жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу менен иш алып барууда китепканачылардын эмгеги зор экендиги талашсыз. Атап айтканда, биздин китепкананын кызматкерлери окурмандарга жаңы технологияны колдонуу ыкмасы менен дүйнөлүк маалымат ресурстарына эркин кирүүнү камсыз кылып, жаңы шартта жаңыча иштөөнү уюштуруп иштеп жатышат. Мындай демилгелүү иш алып барууда китепканада түзүлгөн моралдык абал жана университеттин көрсөткөн материалдык колдоосу китепкана кызматкерлерин ишке болгон шыктануусун артырууда. Алсак, китепканада жыл сайын китепканачылардын конкурсу уюштурулуп, натыйжада «Жылдын мыкты китепканачылары» аныкталат. Бул номинацияга татыктуу болгон кызматкерлерибиз баалуу белектер менен сыйланып, дипломдорго ээ болуп турушат.

Китепкананын жаңы замандын талабыны ылайык жаңыча иштөөсүнө китепкананын материалдык-техникалык базасы абдан чоң ролду ойнойт. Акыркы 3 жылдын ичинде университетибиздин китепканасында көптөгөн жакшы өзгөрүүлөр болуп жатат. Бүгүнкү күндө Электрондук китепкананын компьютердик технопаркы толугу менен жаңыланып, заманбап компьютерлер, принтер, сканерлер менен жабдылды. Эн негизгиси И. Арабаев атындагы КМУнун окумуштууларынын эмгектри

камтылган портал тузулуп, келечекте портал дуйнолук маалымат мейкиндигине чыгуу менен шарталышы кутулуудо. Ошону менен катар Илимий китепканада жаңы технологияларды, компьютерлерди жана башка телекоммуникациялык жабдууларды колдонуунун натыйжасында китепкананын тейлөө сервиси жакшырып, негизги көрсөткүчтөрү кескин көтөрүлүп, китепканалык иште жаңы бир импульс пайда болгону талашсыз.

Илимий китепкананын ишмердүүлүгүндө жогоруда айтылган бир топ жетишкендиктер менен катар проблемалар дагы кездешпей койбойт. Анткени бүгүнкү күндө Илимий китепкана окурмадардын маалыматка болгон суроо-талабын толук кандуу канаатандырып, заман талабына ылайык тейлеп жатабыз дегенден алыспыз. Китепкана ишинде бир топ проблемалар, келечекте чечуучу маселелер арбын. Башкасын айтпаганда эле маалымат ресурстардын электрондук түрү, же болбосо электрондук китептердин, электрондук журналдардын аз болушу окуу процессине, атап айтсак аралыктан окутуу процессин уюштурууда кедергисин тийгизүүдө. Китепканада адаттагыдай эле кагаз жүзүндөгү китептер көбүрөөк сунушталып окутуучулардын эмгектеринин электрондук түрү, б.а. электрондук окуу китептердин саны жетишсиз болууда.

Эң негизгиси, электрондук китепканада топтолгон ресурстарды окутуучулар, жаш окумуштуулар, аспиранттар, магистранннтар, студенттер окуу процессинде толук кандуу колдонушпай жатышат. Мындай көрүнүштүн башкы себеби болуп бул студенттердин маалымат издөө маданияты, өзгөчө электрондук ресурстарды издөөсү, аларды талдоо, анын негизинде илимий иштерди жазуу маданияты бүгүнкү күндүн талабына жооп бербей, окумуштуулардын академиялык сабаттуулугу төмөн болууда. Бул жерден баса белгилей кетүүчү нерсе, билим беруунун сапатын жогорулатууда университеттин окутуучулары менен жаш окумуштууларынын академиялык сабаттуулугун (Академическая грамотность) остүрүү боюнча дагы университетибизде алгылыктуу иштер жасалбай жатат. Андыктан «Академиялык сабатуулуктун негизи» деген атайын курс окулуп, бул курста маалымат издөө маданияты, өзгөчө электрондук ресурстарды издөөсү, аларды талдоо, анын негизинде илимий иштерди жазуу маданиятын уйрөтүү боюнча дарстардын окутулушу зарыл болуп турат. Биздин оюбузча, келечекте дарс окуу менен гана чектелип калбастан «Академиялык сабатуулук, академиялык жазуу боюнча атайын борбор уюштуруу маселесин чечүүгө убакыт келип жеткендей. Окуу жайларда мындай борборлордун түзүлүшү студенттердин өз алдынча иштөөсүнө жана ошондой эле жаш окумуштуулардын илимий иштерин уюштурууда дагы чон жардамын тийгизмекчи. Эн негизгиси, китепкана жаны маалымат технологиялар менен толук кандуу жабдылган эмес, өзгөчө факультеттердин китепканаларында компьютер, сканер, принтерлер жетишсиз. Мына ушундай оң жана терс көрүнүштөрдү эске алуу менен бирге университеттин китепканасы келечекте электрондук китепканалык кызматтын сапатын жакшыртууну максат кылып коюууда.

Эң негизгиси, колдонуучулардын талабына ылайык келген маалыматтарды тескеп, сапатын баалоо менен маалыматты сунушттоонун жаңы мүмкүнчүлүгүн үузүүнүн үстүндө иштеп жатабыз. Башкача айтканда жакынкы арада окурмандарды тейлөө үчүн «SMART- библиотека» (Акылдуу китепкана, Моделдик китепкана), тармагын уюштуруу маселесин чечүү каралып жатат. Бул система ишке киргизилсе

окурмандарды автоматташтырылган ыкма менен тейлөө кызматы ишке киргизилмекчи. Интернет аркылуу керек болгон сапаттуу маалымат жеткируу менен жекече тейленүү ыкмасын колдонуу менен тейленет. Натыйжада окурман китепканага келбестен эле кайсы жерде ( уйдө, жумуш ордунда) болбосун маалымат менен камсыз болууга мумкунчулук түзүлөт. Мындай жаңы ыкма окурмандарды сапаттуу маалымат менен камсыз кылуу менен бирге билимдин сапатын дагы көтөрүүгө оболго болот десек жаңылышпайбыз [1].

Жыйынтыктап айтканда, эң негизгиси, Илимий китепкана университеттин инфраструктурасында татыктуу орунду ээлеп, окуу процессинин сапатын жакшыртууга көмөктөшүп жана ошондой эле дагы жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө аракет жасашып, китепкана ишин дүйнөлүк стандартка ылайыкташтырып уюштурууга умтулуп кызмат кылууга аракеттенуудо десек жанылышпайбыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Давлетярова, Н.А. Заманбап электрондук китепканалар-бугунку кундун талабы[Текст] /Н.А.Давлетярова//Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын ассоциациясынын Жарчысы. – Бишкек, 2017.-№2. – Б.50-52.

2. Зенкова, Г.Л. Современная библиотека вуза [Текст]/Г.Л.Зенкова//Высшая образования. - 2014. – №3. – С.17-20.

3. Давлетярова, Н. А. “Санариптик Кыргызстан” Мамлекеттик программанын санариптик демилгелерин ишке ашыруу контекстинде Кыргызстандын китепканасынын ролу жана орду. [Текст] / Н.А.Давлетярова // Вестник Кыргызского Государственного университета имени И.Арабаева. – Бишкек, 2001. – №1. – Б. 267-272.

**Рецензент: кандидат педагогических наук, и.о. доцента Турдукеева Р.А.**